***Сакиева С.С.***
***Жалал-Абадский Государственный Университет***
***п.и.д., доцент,***

***Умарова К.***
***Жалал-Абадский Государственный Университет***

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ АРНАЛГАН АЛГАЧКЫ ТАНДАЛГАН ЭМГЕКТЕР
## (1-макала)

# ИЗБРАННЫЕ ТРУДЫ ПОСВЯЩЕННЫЕ ДЛЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ
## (1-статья)

***Sakieva S.S., Umarova K.***

# SELECTED WORKS DEDICATED FOR PRIMARY EDUCATION
## (1 article)

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими, И.Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, Ч.Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиянын академиги, п.и.к., профессор Каратай Сартбаевдин тандалган эмгектери, томдуктары, өмүр жолу, ал жөнүндө замандаштарынын, окумуштуу-илимпоздордун иликтөөлөрү айтылат. Окумуштуунун педагогикалык, методикалык чыгармачылыгы, кыргыз башталгыч класстары үчүн жазылган эмгектери ошондой эле педагогикалык ишмердүүлүктү баалуу. Башталгыч билим берүүдө окуу сабагынын мааниси, мазмуну, класстан тышкаркы окуу жөнүндө сөз болмокчу. Эне тилди окутуу, окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу ошондой эле ж.б. маселелер боюнча баяндалат.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается избранные труды (1-5 том) К.Сартбаева.*
*В статье говорится об избранных трудах, многотомниках заслуженного учителя Кыргызской Республики, лауреата премии имени И.Арабаева, академика международной общественной академии имени Ч.Айтматова, к.п.н., профессора Каратая Сартбаева, его биографии, высказывания его современников, исследования ученых-исследователей. Ценны педагогическое, методическое наследие ученого, труды, написанные для кыргызских начальных классов, а также педагогическая деятельность. Также речь идет о значении, содержании уроков чтения, внеклассного чтения в начальном образовании. Рассказывается об обучении родного языка, формировании письменной культуры ученика и других проблемах.*

***Annotation****: This artcle deadls with selected works (1-5). The article is about the Honored teacher in Kyrgyz Republic, the winner of prize named arter I. Arabaev, the Academition of International Social Academy, the Candidate of Pedagogical Science K. Sartbaev's choosen works, his biography, the research works of scientists – educators, contemporaries' ideas about him, his pedagogical, methodological works for Kyrgyz primary classes and about pedagogical assessment, reading lesson's significance in primary education, its content, extra time reading. Teaching native language, the formation of writing skills are looked through in his article.*

***Түшүнүктөр түшүнүктөр:*** *тандалган эмгек, томдук, башталгыч класстар, методика, кыргыз тили, педагогикалык ишмердүүлүк.*

***Ключевые слова:*** *избранные труды, учебники для начального образования,методика, кыргызский язык, педагогическое деятельности.*

***Key words:*** *selected works, books for primary education*

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектердин автору, Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими, И.Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, Ч.Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиянын академиги, п.и.к., профессор Каратай Сартбаевдин ысымын ар бир изденүүчү, мугалим, окумуштуулар үчүн белгилүү экендиги талашсыз. Өзүнүн 50 жылдан ашуун убакыттагы педагогикалык ишмердүүлүгүндө эне тилин окутууга карата опол тоодой эмгектерди жаратканы белгилүү. Каратай агайдын кыргыз тилин окутуу боюнча 10 томдон турган тандалган эмгектеринин (Бишкек, Айат, 2013, рецензенттер педагогика илимдеринин докторлору, профессорлор Байсалов Дж.У., Чыманов Ж.А., жыйнакты түзгөн жана редакциялаган п.и.к., доцент А.Р.Акунова) топтомунун бет ачары, 83 жылдык мааракеси боюнча Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика жана психология институтунун окумуштуулары (п.и.д, проф. Байсалов

Дж.У., п.и.к., доценттер А.Мураталиева, Д.К.Омурбаева, А.Р.Акунова, Раимкулова М.,Чокошева Б.С.) тарабынан 2014-жылдын 5-декабрында өткөрүлгөн эле. Бул конференцияга Каратай агайдын Кыргызстандын региондорунда иштеп жаткан шакирттери катышып, кызуу талкуулар болгон эле. Бирок биз көп убакыт өтпөй 2014 жылдын май айында улуу устатыбыз Каратай агайдан 84 курагында айрылып калдык. Жогорудагы конференциянын катышуучусу, шакирти катары ушул макалабызды Каратай агайдын эмгектерин чагылдырган, кыргыз башталгыч класстарындагы алгачкы басылган тандалган эмгектери жөнүндө учкай кеп козгоону туура таптык. Анда эмесе сөздүн кезеги ошол тандалган эмгектер жөнүндө болсун.

Башталгыч класстарда эне тилин окутууга өзүнүн 50 жылдан ашуун (1960-2014-жылдар) убакыттагы педагогикалык чыгармачылыгынын жыйнактарынын негизинде жазылган методикалык иштери топтоштурулган.

Тандалган эмгетердин 1-томунун материалдары п.и.д., профессор, педагогика жана психология институтунун директору Ж.У.Байсаловдун «Каратай Сартбаев – чыныгы элдик педагог» деген макаласынан башталган. Макалада Каратай агайдын өмүр жолу, кыргыз башталгыч класстары үчүн жасаган эмгектери талданган. Ошондой эле «Профессор К.Сартбаевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү», «Профессор К.Сартбаев – И.Арабаевдин ишин улантуучу», «Профессор К.Сартбаевдин эмгектеринин библиографиялык көрсөткүчү» деген көлөмдүү макалалар орун алып, анда окумуштуунун эмгектеринин маалыматы сунушталган.

Томдукта андан ары профессор Каратай Сартбаев тууралуу жазылган газета-журналдык макалаларга орун берилип, анда А.Осмонкуловдун, С.С. Сакиеванын, Б. Керимбаевдин, Б.С.Чокошеванын, Л. Бостонкулованын, Ж. Алыкуловдун, Д. Урустемовдун, Б. Маткеримованын, интернеттик материалдар боюнча У.Н. Бримкуловдун макалалары берилип, окумуштуунун педагогикалык, методикалык чыгармачылыгы жөнүндө кенен сөз болот. Өзгөчө интернеттик материалдарды талдоого алган профессор У. Н. Бримкуловдун материалдары жаңы муундун адистерин даярдоодо бай материал экендигин белгилөөгө болот. Мында профессор М. Ботбаеванын, профессор У. Култаеванын, профессор Ж. Чымановдун, С.С. Сакиеванын, Ж. Жумалиеванын, Б.С. Чокошеванын, К. Султаналиевдин, К.И. Иманкулованын, С. Жумакадырованын, А.Р. Акунованын макалалары орун алган. Макалалардын мазмунун Каратай агайдын өмүр жолу (М. Ботбаева), улуттук билим берүүнүн тарыхындагы орду (У. Култаева), башталгыч билим берүүгө өзгөчө салым кошкон инсан (Ж.Чыманов), кыргыз тилин окутуу методикасы боюнча негизги адис (Ж.Жумалиева), башталгыч билим берүүгө зор салым кошкон окумуштуу (Б.Чокошева), И.Арабаевдин ишин улантуучу (К.Султаналиев), илимий-педагогикалык иштажрыйбаларын окуп-үйрөнүү жана жайылтуу иштерине арналган. Жогорудагы макалалар Каратай агайдын педагогикалык ишмердүүлүгүн баалоого арналгандыгы чындык. Ал эми томдуктун аягында «Профессор К.С.Сартбаев – чыныгы элдик мугалим» аттуу республикалык илимий-конференциянын резолюциясы берилип, чечиминде К.Сартбаевдин Эл мугалими наамын алууга толук татыктуу экендиги көрсөтүлгөн. Бул боюнча конференциянын катышуучуларынын атынан кайрылуу КРнын өкмөтүнө жолдонгон каттын текстти берилген. Жалпысынан алганда, бул томдукта Каратай агай жөнүндөгү материалдар кенен чагылдырылган.

Тандалган эмгектердин экинчи томдугу Каратай агайдын: «Бала туулуп, там-туң басып, тили чыгып, айланадагы кубулуштар, окуялар, жашоо-тиричилик менен жакындан таанышып, акыл-ою уламдан-улам өсө баштайт. Ал алты-жети жаш курагынан баштап мектепте окуп, кат сабаты жоюлуп, билим алат. Баланын билим алуусу алиппе китебинен башталат. Ошондуктан «Алиппе» – билим ачкычы» – деген сөзү менен ачылган. Баш сөз катары Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунун башталгыч класстар секторунун улуу илимий кызматкери Б.Ташматовдун 1980-жылдын 24-сентябрындагы «Мугалимдер газетасына» жарыяланган «Билим башатына жемиштүү сапар» деген макаласы берилген. Макалада окумуштуунун педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө кенен, мазмундуу материалдар берилген.

80-жылдардын башталышында кыргыз башталгыч класстарында 6 жаштан окутуу ишке аша баштаган. Ушул проблеманы ишке ашырууда Каратай агайдын чоң салымы бар десек жаңылышпайбыз. Бул томдукка негизинен Каратай агайдын 2 окуу китеби, т.а. даярдоо класстарынын окуу китеби «Байчечекей» (Фрунзе, 1981, 10,5 басма табак, 20000 нуска), 6 жаштан окуган 1-класстын окуучулары үчүн «Алиппе» (Фрунзе, Мектеп, 1987, көлөмү 10,51 басма табак, нускасы 28 000) окуу китептери киргизилген. «Байчечекей» окуулугунун мазмундук-тематикалык түзүлүшү даярдоо классындагы баодардын куралтык өзгөчөлүгүн эске алган окуу материалдары сунушталган. Негизинен эң алгач баланын таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруучу, сюжеттүү жана предметтик сүрөттөрдөн турган окуу материалдары орун алган. Окуу материалдары балдардын ойноо ишмердүүлүгүнө, жомок-

торго карата берилген сүрөткө аңгеме түзүү, жашылча, жемиш, машина, жаныбарлардын аттарын атоо менен аларды муунга графикалык белгилер боюнча бөлүү даярдоо мезгилине сунушталган. Алиппе мезгили Аа, Уу, Тт, Лл тамгаларын үйрөтүүдөн башталган. Ар бир тамгага карата берилген сүрөттөр аркылуу ажыратылып, аларда үндүү, үнсүз тамгаларга ажыратуу, аларды айырмалоо ачык, так, даана берилген. Тамгаларды үйрөтүүгө карата бир, эки муундуу сөздөрдү муундап окууга, мамычадагы сөздөрдү окууга ыңгайлаштырылган. Сөздөрдү окуу боюнча ар бир беттин аягында берилген. Ал эми Алиппе мезгилинен баштап тамгалардын элементтерин жазууга үлгүлөр сунушталган. Бул ыкмада балдардын курагы эске алынгандыгы байкалат. Себеби, тамганын элементтерин үйрөтүү даярдоо мезгилинен башталыш керек эле. Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга карата ар бир тамгадан кийин окуу материалдары сунушталып отурган.

Окуулуктун аягында «Сөз өстүрүү» бөлүмү берилип, мында окуучу өз алдынча окуй турган жаңылмачтар, табышмактар, ырлар кездешет. Жалпысынан алганда, бул окуулук даярдоо класстары үчүн түзүлгөн алгачкы окуулук катары каралып, ал окуучунун окуу, жазуу, таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталгандыгы байкалат.

Ушул эле томдукта Б.Рысбекова, К.Сартбаевдин 6 жашар балдар үчүн түзгөн «Алиппеси» да орун алган. Жогорудагы даярдоо класстары үчүн түзүлгөн окуулуктан бир топ айырмалангандыгын байкоого болот. Биринчиден, сабат ачуунун 3 этабы тең эске алынган. Экинчиден, окуулук сабат ачуунун этаптарын чагылдырылган окуу материалдары камтылган. Үчүнчүдөн, окуулук кыргыз класстарынын 6 жашар балдары үчүн алгачкы жолу түзүлүп жаткандыктан, мында жаңылыктар да кошо киргизилген. Төртүнчүдөн, окуулукта инновацияланган окуу материалдары да бар экендигин белгилөөгө болот. Окуу материалдары Аа, Оо, Уу, Ыы тамга, тыбыштарын үйрөтүүдөн башталган. Окуу китебиндеги жаңылык – жогорудагы төрт тыбыш эң алгач айтылышы, угулушу оозеки түрүндө үйрөтүлгөндөн кийин, андан кийинки тамгалар, т.а. Тт тамгасынан баштап сүрөттөр, ага карата сүйлөм түзүүнүн графикалык белгилери, үндүү, үнсүз тамгаларды айырмалоочу белгилер, бир-эки муундуу сөздөрдү окуу, окуу материалынын баш жагына үндүү, ылдый жагына үнсүз тамгалар өзүнчө берилген, бул окуучуну тамгалардын бөлүнүшүн өз алдынча үйрөнүүгө шарт түзөөрү талашсыз. Окуучуларды жазууга үйрөтүүгө карата материалдар да кошо берилген.

Окуу китебинде мурдагы окуулуктардагы колдонулган салттар сакталган, т.а. окуу материалдары алиппеге чейинки, алиппе, алиппеден кийинки мезгилдерден турат. Ошону менен бирге окуу материалдары бир жылдык мөөнөткө пландаштырылган. Алиппеден кийинки мезгил окуу жана кыргыз тили бөлүмдөрүнөн турат. Бул материалдар алиппеден кийинки мезгилде окуучунун окуу жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталгандыгы байкалат. Жалпылап айтканда, мындай окуулук башталгыч класстар үчүн жаңыдан түзүлгөн, эксперименталдык байкоодон өткөндөн кийин гана республикалык масштабда окутууга сунушталган алгачкы саамалык болгон.

Тандалган эмгектин үчүнчү томдугу Каратай агайдын: «Мектеп босогосун жаңыдан гана аттап, билим алуу үчүн дегдеп келген жаш өспүрүмдөр үчүн мугалим чоң авторитетке ээ. Өзгөчө башталгыч класстын окуучуларын окуткан мугалимдер күн сайын балдар менен көп аралашуунун натыйжасында алардын жүрүш-турушун, ой-санаасын, эмнелерге кызыгаарын жакшы билүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар. Башталгыч класстын окуучулары үчүн мугалимдин ар бир кылган иши, жасаган кыймылы, айткан сөзү, аткарган жумушу үлгү болууга тийиш» – деген сөзү менен башталып, 1980-жылдын 5-декабрындагы «Кыргызстан пионери» газетасына жарыяланган «Окумуштуу Каратай Сартбаев – балдардын сүйүктүү кеңешчиси» макаласы окумуштуунун 50 жылдыгына арналган каалоолору берилет.

Бул томдукка Каратай агайдын биз жогоруда сөз кылган 6 жашар балдар үчүн түзүлгөн «Алиппенин» (1993) толукталган варианты сунушталган. Андан ары ушул окуулук боюнча түзүлгөн «Жазуу дептери» (Авторлору Б.Рысбекова, К.Сартбаев, Фрунзе, Мектеп, 1990, 6 жаштан окуган балдар үчүн) сунушталган. Жазуу дептери эң алгач баланы жазууга даярдоого карата сүрөттөр берилип, аларды боёо, тамгалардын элементтерин чагылдырган таякчалардын үлгүлөрүн жазууга карата мисалдар, алар менен иштөө тапшырмалары берилген. Сүрөттөрдү боёо, сүрөт боюнча муун түзүү боюнча тапшырмалар менен иштөө сунушталган.. Окуучу бул сөздөрдөгү үндүү, үнсүз сөздөрдү белгилөө менен аларды ажыратууга машыгат. Алгачкы тапшырмалар ушундай мүнөздө берилген. Андан ары ар бир тамганын мазмунуна карата пландаштырылган. Тапшырмалар жеңилден оорго карай берилген, т.а. эң алгач тамга, аларга карата мисалдар, машыгуучу овал түрүндөгү сызыкчалар, андан ары бир муундуу сөздө, баш жана кичине тамгаларды жазуу, сүйлөмдү толуктоо, бир сүйлөм жазуу, жаңы тамга катышкан

сөздөрдү көчүрүү, сүйлөмдүн аягына тыныш белгилерин коюуга машыгуу, аларды ажыратуу, сүйлөм баш тамга менен башталып, аягына тыныш белгилери коюлушун, ыр түрүндөгү текстти көчүрүү, көлөмдүү текстти жазууну үйрөтүүгө карата тапшырмалар сунушталып, мындай жумуштарды аткаруу аркылуу баланын жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу башкы маселе болгон.

Томдуктун мазмуну андан ары «Сабат таблицасынын» (Авторлору Б.Рысбекова, К.Сартбаев, эне тилинен түзүлгөн көрсөтмө курал, Фрунзе, Мектеп, 1988) көчүрмөсү берилген. Бул көрсөтмө куралдар негизинен сабатка үйрөтүүгө карата түзүлгөн. Мында сүйлөм сөзгө, муунга, муун тыбышка ажыратуу боюнча, муундук таблица берилип, окуу материалында кошулбаган тапшырмалар сунушталган. Ал эми ушундай эле мааниде «4-класстын кыргыз тили боюнча таблицалар» (Б.Үмөталиева, К.Сартбаев, Фрунзе, 1990) боюнча түзүлгөн тапшырмалар жогорудагы таблицаны толуктап турат. Таблицада сөз түркүмдөрүн салыштырып окутууга, зат атоочтун жөндөлүшүнө, этиштин чактарына, тактооч, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, төл жана бөтөн сөз, сын атооч, сын атоочтун бөлүнүшү, муунду окутуунун таблицалары, схемалары берилген. Демек, жогорудагы сунушталган таблицалар башталгыч мектептин окуучуларына тилдик материалдарды окутууга карата мазмундуу материалдар менен толукталгандыгы байкалат. Бирок мындай таблицалар кайрадан иштелип, басылбагандыгы өкүнүчтүү.

Тандалган эмгектин 5-томдугу окумуштуунун: «Кыргыз элинде «Тарбия тилден башталат» – деген акылман макал бекеринен чыккан эмес. Жаңы төрөлүп, көз ачкан ымыркайдын алгачкы күнүнөн баштап биринчи чыгарган добушунан, кас-кас туруп, басканынан тартып, балалык жаштык, өспүрүмдүк курагына чейин, ал гана эмес бойго жетип, үйлөнүү, балалуу болгон курагына чейин ата-эненин балага болгон сүйүүсү, тарбия-таалим бериши эне тили аркылуу жүзөгө ашаары баарына белгилүү…» деген сөзү менен башталып, андан ары профессор А.Осмонкуловдун 1990-жылдын 21-декабрындагы «Мугалимдер газетасына» жарыяланган «Дарак бир жерден көгөрөт» деген макаласы менен томдук толукталган. Макаланын мазмуну окумуштуунун 60 жылдык маарекесине карата жазылып, педагогикалык ишмердүүлүгүнө карата жылуу пикирлер айтылган. Томдуктун мазмунуна Б.Үмөталиева, К.Сартбаевдин 3-4-класс түзүлгөн «Кыргыз тили» окуу китептеринин түп нускасы киргизилген.

6-томдук окумуштуунун: «… Эне тилибиз адам баласынын бүткүл жашоо турмушу, иштеген иши, салт-санаасы, ой-пикири менен тыгыз байланышат. Тилден ийкемдүү, тилден өткүр, тилден назик эч нерсе жоктой. Ошондуктан элде: «Тилден бал да тамат, уу да тамат», «Тил – жүрөктүн ачкычы» деген элдик педагогикалык тыянактары жөндөн-жөн гана кылымдан-кылымга чейин насаат катары айтылбагандыр. Эл тарабынан чыгарылган учкул сөздөр, макалдар, лакаптар, жомоктор, жаңылмачтар оозеки адабияттын мыкты үлгүлөрүнөн болуу менен жаштарды адептүүлүккө, жолдоштук-достукка, эмгекке өз эли-жерин сүйүүгө тарбиялаган. Алар элдик педагогиканын бай казынасы, кенчи болуп келген жана боло бермекчи…» – деген сөзү менен башталган. Ал эми педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.А.Чымановдун «Профессор Каратай Сартбаев – башталгыч билим берүүгө зор салым кошкон кыргыз тилчи» деген темадагы макаласы аты көрсөтүп тургандай, окумуштуу жөнүндө бай материалдар айтылган. Ошондой эле окумуштуунун башталгыч класстар үчүн түзгөн окуулуктарынын мааниси, методикалык колдонмолорунун мазмуну жөнүндө жылуу пикирлер айтылып, анын учурдагы орду, ролу жөнүндө сөз болот.

Каратай агай башталгыч класстар үчүн кыргыз тилин окутууга карата окуу китептерин, методикасын гана түзбөстөн, эне тили, класстан тышкаркы окуу китептерин түзүүгө катышып, бир топ эмгектерин жараткан. Бул максаттар ушул томдо эне тили (4-класс), «Октябряттар» (класстан тышкарки) окуу китептеринин түп нускасы сунушталган.

«Эне тили» (Авторлору Сартбаев К., Корголдоева Р., Кармиев Ү.*-- Фрунзе, Мектеп, 1966, 29 000 нуска, 11,14 басма табак) окуу китеби Кыргыз Республикасынын тарабынан жарыяланган конкурста экинчи орунду алган. Окуу китеби тематикалык принциптин негизинде бөлүмдөр боюнча түзүлгөн. Окуулуктун өзгөчөлөнгөн формасы катары – мындагы элдик оозеки чыгармалардын элдик жана жазуучулар түзгөн варианттары өзүнчө берилгендигин көрүүгө болот. Бирок окуулуктун 70%га жакыны котормо экенин да белгилөөгө болот. Сунуш кылынган тексттердин басымдуу көпчүлүгү жомоктордон түзүлгөндүгү байкалат. Окуучунун сөзүн өстүрүүгө берилген материалдар сүрөт менен иштөө жана текстке карата сунушталган суроолор жана тапшырмалар аркылуу берилген. Окуулуктун мазмуну окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алып түзүлгөн.

Башталгыч билим берүүдө окуу сабагынын маанисин, мазмунун толуктаган класстан тышкаркы окуу болуп эсептелет. Класстан тышкаркы окуунун негизги максаты– окуучунун өз алдынча китеп окурмандыгын калыптандыруу болуп са-

налат. Кыргыз башталгыч класстары үчүн 60-жылдардан баштап класстан тышкаркы окуу үчүн өзүнчө хрестоматия («Желекче», «Октябряттар», «Пионерлер») түзүлүп, мектеп тажрыйбасында колдонула баштаган. К.Сартбаев тарабынан түзүлгөн «Октябряттар» (Фрунзе, Мектеп,1981, 11 000 нуска, 8, 75 басма табак) класстан тышкаркы окуу китеби кирген. Бул окуу китеп 6 жашар балдарды окутууда 2-класста колдонулган. Класстан тышкаркы окуу китептери «Эне тили» окуу китептеринин мазмунун толуктап турат. Мындагы сунуш кылынган тексттер эне тилинин бөлүмүнө карата багытталат. Эне тилиндеги кайсыл бөлүмгө келсе, мугалим класстан тышкаркы окууну ошол бөлүмдүн мазмунун толуктоочу текстти тандайт, календардык план түзөт. Бул предмет окуу сабагын уюштурууга караганда татаалыраак. Себеби, баланын класстан тышкаркы окурмандык ишмердүүлүгү бүтүндөй эске алынууга тийиш. Бул класстан тышкаркы окуу китебинин идеясы ушул максатта түзүлгөндүгү байкалат.

**Адабияттар:**

1.Сартбаев К. Тандалган эмгектер.1-том. – Бишкек, Айат.2013. – 217 б.

2. Сартбаев К. Тандалган эмгектер.2-том. – Бишкек, Айат.2013. – 247 б.

3.Сартбаев К. Тандалган эмгектер.3-том. – Бишкек, Айат.2013. – 233 б.

4.Сартбаев К. Тандалган эмгектер.4-том. – Бишкек, Айат.2013. – 351 б.

5.Сартбаев К. Тандалган эмгектер.5-том. – Бишкек, Айат.2013. – 300 б.